КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК
ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ

КОЛДОНМО МАТЕМАТИКА, ИНФОРМАТИКА ЖАНА
ГРАФИКАЛЫК ДИЗАЙН КАФЕДРАСЫ

# Ачык сабактын
# **ИШТЕЛМЕСИ**

(ЛАБОРАТОРИЯЛЫК САБАК)

**Темасы: Геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу (Move & Lasso Tools)»**

***Сабак 2026-жылдын 16-февраль 3-пара (11:40)***

***230-аудиторияда өтөт.***

1-курс, ГД-1-25 тайпасы

Дисциплина: Компьютерная обработка изображений

Түзүүчү,
Окутуучу Шермаматов Жолдошбек

**Ош – 2025**

**Сабактын темасы:** Геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу (Move & Lasso Tools)»

**Сабактын максаты:** Студенттерге Adobe Photoshop программасында геометриялык фигураларды тандоо жана жайгаштыруу ыкмаларын үйрөтүү; **Move Tool** жана **Lasso Tool** инструменттеринин мүмкүнчүлүктөрүн практикалык иштер аркылуу өздөштүрүү жана композиция түзүүдө туура колдоно билүүгө жетиштирүү.

**Сабактын планы:**

- **Перемещение (Move Tool) инструментинин мүмкүнчүлүктөрү** – объекттерди жылдыруу, көчүрүү жана жайгаштыруу.
- **Лассо (Lasso Tool) инструменттеринин түрлөрү** – Lasso, Polygonal Lasso, Magnetic Lasso менен тандоо ыкмалары.
- **Практикалык колдонуу** – тандалган объектти жылдыруу жана жөнөкөй түзөтүүлөрдү аткаруу.

**Калыптануучу компетенциялар:**

✓ Алган теориялык билимдерин практикада колдоно алат

**Бул теманы өздөштүрүүдө студент төмөнкү окутуу натыйжаларына жетишет:**

✓ Adobe Photoshop программасында **Перемещение (Move Tool)** инструментин туура колдонуп, объекттерди жылдыра алат;
✓ **Лассо (Lasso, Polygonal Lasso, Magnetic Lasso)** инструменттеринин айырмасын билип, сүрөттөн объектти так тандай алат;
✓ Тандалган объекттерге жөнөкөй түзөтүүлөрдү жүргүзүп, практикалык иштерди өз алдынча аткара алат.

**Сабакта колдонулуучу каражаттар:** ноутбуктар, Eiboard интерактивдүү доскасы, презентация, wayground quiz(тест)тапшырмалар.

**Билим берүү технологиялары жана методдору:** окутуунун компьютердик жана информациялык окутуу технологиялары, оюн технологиялары, сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү, өз алдынча иштөө методдору колдонулат.

**Глоссарий:**

- **Перемещение (Move Tool) —** сүрөттөгү объекттерди же тандалган аймакты жылдыруу, көчүрүү жана жайгаштыруу үчүн колдонулган инструмент.
- **Лассо (Lasso Tool) —** эркин формада объектти кол менен тандап алуу үчүн колдонулуучу инструмент.
- **Polygonal Lasso Tool —** түз сызыктар аркылуу так жана бурчтуу объекттерди тандоого мүмкүндүк берген лассо инструменти.
- **Magnetic Lasso Tool —** объекттин четин автоматтык түрдө таанып, так тандоо жүргүзгөн лассо инструменти.
- **Выделение (Selection) —** сүрөттүн белгилүү бир бөлүгүн түзөтүү же жылдыруу үчүн активдүү абалга келтирүү процесси.
- **Сабакты өтүү үчүн колдонулуучу методдор**: түшүндүрмө-иллюстративдик, көйгөйлүк-изденүүчүлүк, интерактивдүү, практикалык, оюн методдору.

**Билимди текшерүүнүн формалары:** мини-тест.

**Сабактын формасы:** лабораториялык сабак.

**Сабактын тиби:** билим, билгичтик, көндүмдөрдү калыптандыруу сабагы.

**Колдонулган адабияттар:**

<u>*Электрондук булактар:*</u>


1. **Adobe Photoshop Beginner Tools Guide** — бул англис тилиндеги окуу ресурста Photoshop-тагы **Move (Перемещение) жана Lasso (Лассо)** инструменттери тууралуу негизги түшүнүктөр жана алардын колдонуу жолдору баяндалган. Photoshop Tools: the Beginner's Guide (Move & Lasso)
2. **Photoshop Tutorial – Move Tool & Selection Tools** — бул окуу материалында **Move Tool жана тандоо инструменттери (алар ичинде Lasso Tool)** кандай иштээрине деталдуу сүрөттөмө берилген. Adobe Photoshop Tutorial – Move и Selection Tools
3. **Adobe Help: Lasso Tools Selection** — Adobe компаниясынын расмий сайтынын бетинде **Lasso инструменттерин тандоо жана алардын колдонулушу** тууралуу документалдык маалымат жана колдонмо берилген. Select with Lasso Tools (Adobe Help)

**Сабактын жүрүшү:**

| Окутуучунун ишмердүүлүгү | Студенттердин ишмердүүлүгү | Окутуунун натыйжасы | Метод, технол. | Ресурстар | Балл | Сааты |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 |
| **САБАКТЫН 1-ЭТАБЫ: САБАКТЫ УЮШТУРУУ МОМЕНТИ** | | | | | | |
| ○ Жагымдуу психологиялык жана физикалык чөйрөнү түзөт;<br>○ студенттер менен саламдашат; | ○ Окутуучу менен саламдашышат;<br>○ сабакка даярданышат;<br>○ Adobe Photoshop программасын ачып даярданышат. | ○ Студенттердин көңүлүн борборлоштуруу;<br>○ жаңы билим алууга даярдоо. | Сүйлөө | *Ноутбук, интерак. доска, презентацию.* | | 3 мин. |
| **САБАКТЫН 2-ЭТАБЫ: САБАКТЫН МАКСАТЫН КОЮУ** | | | | | | |
| ○ Компетенттүүлүккө багыттап окутуу менен студенттерге сабактын максатын коюга багыт берет.<br>○ Төмөнкүдөй суроолор берилет:<br>- биз мурдагы сабактарда кандай аракеттерди жасадык?<br>- мындан ары кандай иш-аракеттерди аткарышыбыз керек?<br>- бүгүнкү сабакта кандай жыйынтыктарга жетебиз?<br>- ал үчүн кандай кадамдарды аткарабыз?<br>○ байкоо жүргүзөт; | ○ Суроолорго жооп берүү аркылуу чогуу сабактын максатын коюшат. | ○ Ар ким озүнүн проектин ачып геометриялык фигураларды жайгаштыруу максаты коюлат;<br>○ максат коюу, ага жетүү көндүмдөрү калыптанат. | Мээ чабуулу | *Презентация* | | 5 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| o студенттердин берген жоопторун тактайт. | | | | | | |
| **САБАКТЫН 3-ЭТАБЫ: ТАЯНЫЧ БИЛИМДЕРДИ АКТУАЛДАШТЫРУУ** | | | | | | |
| Мурунку сабакта өтүлгөн инструменттер боюнча суроолорду берет (катмар менен иштөө, белгилөө ыкмалары, трансформациялоо жөнүндө кайталоо жүргүзөт); | o Берилген суроолорго жооп беришет;<br>o бири биринин жоопторун толукташат. | Мурунку билимдер активдешет. | Тест | | 10 | 7 мин. |
| **САБАКТЫН 4-ЭТАБЫ: ЖАҢЫ БИЛИМДИ КАЛЫПТАНДЫРУУ** | | | | | | |
| o Тема боюнча жасалган презентацияны баяндайт;<br>o Кадам-кадам көрсөтөт:<br>① Перемещение (Move Tool) инструментин тандоо жана объектти жылдыруу;<br>② Лассо (Lasso Tool) инструменттеринин түрлөрү менен иштөө (Обычное, Полигональное, Магнитное);<br>③ Белгиленген аймакты жылдыруу, көчүрүү жана трансформациялоо;<br>o Студенттерди баалоо жана байкоону тынымсыз жүргүзүп турат. | o Окутуучу корсоткон инструкцияны аткарышат;<br>o ар бир кадам боюнча түшүнбөгөн суроолорду беришет;<br>o окутуучу тарабынан баалоо жана байкоо жүргүзүлүп жатканын билип турушат. | o Жаңы ыкмалар үйрөнүлөт;<br>o алган билимин практикада колдонууга кызыгуу көндүмдөрү калыптанат. | | *Ноутбук, интерактив. доска, лекциялык сабактын баяндалышы* | 15 | 15 мин. |
| **САБАКТЫН 5-ЭТАБЫ: ПРАКТИКАЛЫК ИШ** | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ○ Ар бир студентке тапшырма берет: сүрөттүн ичинен 3 объектти Лассо инструменти аркылуу так белгилеп, Перемещение инструменти менен жаңы позицияга жайгаштыруу;<br>о Ар бир студент практикалык ишин демонстрация кылышын эскертет (кайсы Лассо түрүн колдонгонун жана эмне үчүн тандаганын түшүндүрөт);<br>о Ар бир студентке үзгүлтүксүз байкоо жана баалоо жүргүзүп турат (белгилөөнүн тактыгы, катмар менен иштөө, туура жылдыруу боюнча). | ① Лассо инструменти аркылуу 3 объектти так белгилейт;<br>② Перемещение (Move Tool) инструменти менен белгиленген объекттерди керектүү жерге жайгаштырат;<br>③ Объекттерге трансформация (өлчөмүн өзгөртүү, көчүрүү) колдонуп композиция түзөт; | ○ Жеке долбоорлор өркүндөйт. | Жеке иш | *Ноутбук, интерактив. доска* | 10 | 45 мин. |
| **САБАКТЫН 6-ЭТАБЫ: САБАКТЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО** | | | | | | |
| ○ Студенттерден 2–3 кишини чыгарып, практикалык иштерин көрсөтүүнү суранат (кайсы Лассо түрүн колдонгонун жана объектти кантип жылдырганын түшүндүрөт);<br>о Окутуучу сабакты жыйынтыктайт (Перемещение жана Лассо инструменттеринин маанисин баса белгилейт);<br>о Сабактын башында айтылган максаттарды кайрадан эске салат;<br>о Максаттардын канчалык деңгээлде | ○ Студенттер практикалык иштерин демонстрациялашат (Лассо инструменттери менен объектти кантип белгилегенин жана Перемещение инструменти аркылуу кантип жылдырганын | ○ Практикалык натыйжа бекемделет<br>○ Максатка жетүүчү жыйынтыктарды анализдөө көндүмдөрү калыптанат. | Презентация, талкуу | | | 10 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ишке ашкандыгын студенттер менен чогуу талкуулайт жана баалайт. | түшүндүрүшөт);<br>o Сабактын башында коюлган максаттардын канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын талдап, өздөрүнө өздөрү баа беришет (кайсы көндүмдөрдү өздөштүрүшкөнүн белгилешет). | | | | | |
| **САБАКТЫН 7-ЭТАБЫ: СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО** | | | | | | |
| o Баалоо критерийинин негизинде студенттердин активдүүлүгүнө, алган билимин практикада колдоно алуу жөндөмүнө карап баалайт;<br>o Тест аркылуу студенттерди баалайт. | o Сабакты өздөштүрүү деңгээлине жараша бааланышат.<br>o Өзүн-өзү жана бири-бирин баа бере алышат. | o Студенттерди туура баалоо аркылуу сабакка болгон кызыгуусун арттыруу;<br>o балл коюу менен студенттерге стимул берүү. | Тест | *Баалоо бланкасы, баалоо критерийи* | | 3 мин |
| **САБАКТЫН 8-ЭТАБЫ: ҮЙ ТАПШЫРМАСЫ** | | | | | | |
| o Силлабустан үй тапшырмасы берилет;<br>o өз алдынча иштин темасы берилет;<br>o силлабустагы адабияттарды колдонуу сунушталат; | o Берилген тапшырмалар боюнча маалыматтарды алышат; | o Студенттердин кошумча булактар менен иштөөсү калыптанат; | | | | 2 мин. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ○ берилген тапшырмалар боюнча түшүндүрүү жүргүзүлөт. | ○ тактоочу суроолорду беришет. | ○ Дизайн жасоо көндүмдөрү калыптанат. | | | | |

***Өтүлгөн теманы бышыктоо***

Өтүлгөн тема боюнча тест.

***Лекцияда студентти баалоонун критерийи (силлабуста көрсөтүлгөн).***

***Өз алдынча иштин темасы***

***Сабакты жыйынтыктоо***

Сабак жыйынтыкталып, студенттер бааланат.

*Студенттердин деңгээли таяныч билимдерди актуалдаштыруу боюнча берилген тапшырмалардын аткарылышы, сабакта берилген таяныч суроолорго жооп берүү жана практикалык иштөөдө аткарылган тапшырмалардын жыйынтыгынын негизинде бааланат.*